**«“Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин Майлуу-Суу колледжинин»**

**2024-2025-окуу жылы боюнча отчету**

**Окуу иштери.**

“Б. Осмонов атындагы ЖАМУ” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин Майлуу-Суу колледжинин колледжинде сегиз штаттык окутуучу жана он жети көмөкчү окутуучу эмгектенет. 2024-2025-окуу жылында эсептөө жана бөлүштүрүү сааттары бөлүнүп, окуу жылынын башынан бекитилген окуу процессинин графиги боюнча окуу-иши жүргүзүлдү жана окуу процесси төмөнкүдөй аткарылды:

| № | Окуу бөлүмү | I –ж/ж | | | II –ж/ж | | | жылдык | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | План | Аткар. | % | План | Аткар. | % | План | Аткар. | % |
| 1. | Бюджет | 6191,7 | 6286,4 | 101,5% | 5504,8 | 5450,1 | 99% | 11696,5 | 11736,5 | 100,2% |
| 2. | Контракт | 3541,9 | 3544,4 | 100,07% | 2765,4 | 2765,4 | 100% | 6307,3 | 6309,8 | 100% |
| 3. | Баары | 9733,6 | 9630,8 | 100,8% | 8270,2 | 8215,5 | 99,5% | 18003,8 | 18046,3 | 100,1% |

Окуу сааттардын 0,1 % ашыкча аткарылуусунун себеби студенттердин кыймылы.

Күндүзгү жана сырттан окуган тайпаларга тайпалык жана баллдык журналдар даярдалып, ачылды. Жаңы кабыл алынган студенттер үчүн студенттик окуу баракчалар, студенттик, окурмандык билеттер жана сынак китепчелер даярдалды. 2024-2025-окуу жылында студенттердин күндөлүк сабакка катышуусу төмөнкүдөй болду:

| № | Окуу тайпасы | Жылдык % |
|---|---|---|
| 1 | Э-1-24 | 72,3% |
| 2 | БАС-1-24, БАС-2-24 | 74,1% |
| 3 | БКМ-1-24, БКМ-2-24 | 80% |
| 4 | РНГ-1-24, БЭ-1-24 | 44,8% |
| 5 | Э-1-23 | 27% |
| 6 | БКМ-1-23, БКМ-2-23 | 87,8% |
| 7 | БАС-1-23, БАС-2-23 | 73,6% |
| 8 | РГН-1-23, РНГ-2-23 | 55,6% |
| 9 | Э-1-22 | 78% |
| 10 | БАС-1-22, БАС -2-22 | 81,6% |
| 11 | БКМ-1-22 | 94% |
| 12 | РГН-1-22, РНГ-2-22 | 13% |
| | Баары: | **65,15%** |

Бекитилген биринчи жана экинчи окуу жылынын жадыбалы боюнча окутуучулардын үзгүлтүксүз сабак өтүүсүн көзөмөлдөп жана жадыбалга керектүү өзгөртүүлөр өз убагында коюлуп жатты. Майлуу-Суу колледждин №2НК статистикалык отчету даярдалып шаардык, областтык статистика бөлүмүнө жана ЖАМУга тапшырылды.

2024-2025-окуу жылында: Э-1-22 тайпасында – 15, Э-2-22 тайпасында-2, Эс-1-21 тайпасынан – 19; БАС-1-22 тайпасында - 15, БАС – 2 – 22 тайпасында – 15, БАСс-1-21

тайпасында – 10; БКМ-1-22 тайпасында – 4, БКМ-2-22 тайпасында – 19. БКМс-1-21 тайпасында – 23; жана РНГ – 1-22 тайпасында – 5, РНГ-2-22 тайпасында – 22, БЭ-2-22 тайпасында -2, БЭс-1-21 – тайпасында – 6 бүтүрүүчү сабактар аралык мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырды.

Жалпысынан алганда: күндүзгү бюджеттен – 39 студент, күндүзгү контракттан – 60 жана сырттан окуу тайпаларын (кышкы) – 58 бүтүрүүчү жалпы 2024-2025-окуу жылына 157 бүтүрүүчү колледжди аяктады.

Артыкчылык диплом менен БАС-1-22 тайпасынан – 5студент, Э-1-22 тайпасынан – 1, БКМ-1-22 тайпасынан – 4. Жалпы : 10 артыкчылык диплом.

## Окуу- усулдук жана илимий- усулдук иштери боюнча

I . Окуу- усулдук иштер: 9 окуу- усулдук Кеңешме жана 2 семинар өткөрүлүп, мыйзамдуу стандарттардын негизинде Майлуу- Суу колледжи үчүн 1 жобо, 1 инструкция түзүлдү. Кеңешмелерде каралган маселелердин орчундуулары:

1. АӨБдүн "Жумуш орундарында окутуу" жана "Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү" программаларына байланыштуу 3 семинар слайддары менен өткөрүлдү. Аталган темаларда билимдери менен бөлүшкөн окутуучулардын очеттору усулканага тапшырылып, усулчунун жардамы менен семинарлар, конференциялар жана тегерек столдор уюштурулуп, айрымдары колледждин сайттарына салынды. Жаш окутуучуларга жардамдары тийүүдө.

2. Сабактарга катышуу боюнча: усулчу жалпы 26 сабакка катышты. Окутуучулардын ич ара сабактарга катышуулары солгун. Сабактарды усулдук тажрыйба алмашуу, ыкмаларды үйрөнүү жана студенттердин сабактарга кызыгууларын активдештирүү, кайтарым байланыштарын: ой жүгүртүп, жыйынтык чыгара билүү жөндөмдөрүн өстүрүү максаттарында талкуулайбыз. Пикирлер ортого салынат. Ачык сабактардын иштелмелери жазылат.

5. Окуу- усулдук эмгектер.

Окутуучулардын жеке иш пландарын толтуруу боюнча усулдук кеңештер айтылат. Жумушчу программалар, силлабустар, окуу- усулдук комплекстер, сабактардын иштелмелери талап кылынат, текшерилет, жеке иш пландарындагы жазылгандарга салыштырылат, жыйынтыктарын жылдык отчетторунда чамаларына жараша көрсөтүшөт.

6. "Жылдын мыкты окутуучусу- 2025" кароо-сынагына Байгозу уулу Сапарбек катышты.

II. Илимий- усулдук иштер боюнча маалыматтар.

1. Окуу жылы ичинде 4 конференция өткөрүлдү. Баарынын кеңири программалары, сценарийлери, уюштуруучулар, катышкан аткаруучуларынын маалыматтары бар. -Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына арналган "Кыргыз тили- мамлекеттик тил- улуттук маданияттын очогу"- аттуу конференцияны 2024- жылдын 21- сентябрында уюштуруп, өткөрдүк. Ал "Тил – улуттун байлыгы" аттуу баяндама менен башталып, студенттердин кыргыз ырларын, бийлерин, сахналаштырылган "Бешик тойду" шаардын жамаатына, ак элечек энелерге жана атайын чакырылган конокторго көрсөттүк.

Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишине карата - "Өрнөктүү мамлекеттик ишмерлер"- деген конференцияда "Өрнөктүү адамдардын өмүрлөрү үлгү!", "Масалиев Апсамат – Кыргыз элинин чыгаан уулу", "Насирдин Исанов- куруучу, министр, өкмөт башчы!" – сыяктуу баяндамалар даярдалып, уктурулуп, колледждин жалпы жамаатына маалыматтар берилди.

1-март 2025-жылда убактылуу милдетин аткаруу боюнча буйрук чыгып ошол мезгилден тарта ишке кириштим. Март айында агай эжекелердин сабактарына катышуу менен башталды атап айтсак Урустамова А.М., Токтобаев М.Е. сабактарына катыштым. Апрель айында көптөгөн иш чаралар болуп өттү. Атап айта кетчү нерсе 2025-жылдын 12-апрелинде

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун аймактык билим берүү мекемелеринин студенттеринин арасында дисциплиналар боюнча болуп өткөн 14 предметтен олимпиада болуп өттү. Анда биздин окуу жайдан 14 предметтен катышып 13 студентибиз студентибиз ийгиликтүү орундарга жетишти. 1-орунга-6 студент, 2-орунга-2 студент 3-орунга-2 студентибиз байгелүү орундарды ээлешти. 18-апрель күнү Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун илимий-билим берүү комплексинин "Уметовдук окуу-2025" "Азыркы учурдагы билим берүү мекемелеринин негизги көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга илимий баяндамасы менен активдүү катышкандыгы үчүн Майлуу-Суу колледжинин окутуучусу Турдалиева Акбермет Чынарбековна эжеке "Сертификат" менен сыйланды жана ошону менен катар биздин БКМ-1-22 тайпасынын студенти Омурзакова Сузана да катышып "Сертификат" менен сыйланышты. 2025-жылдын 25-апрелинде Ош технологиялык университети тарабынан өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк суу күнүнө жана Мөңгүлөрдү сактоонун эл аралык жылына арналган жаш окумуштуулардын жана студенттердин 8-аймактык илимий-практикалык конференциясына Тумаркан Алишеровна жетектеген БАС-1-24 тайпасынын студенти Калдарова Эркинай Нурланбековна активдүү катышкандыгы үчүн "Сертификат" менен сыйланды. Май айында биздин окуу жайга башка окуу жайдан диплом алдындагы практика өтүүгө студенттер келишип практикасын өтүштү ал практикага Гулсада Жолчубековна жетекчилик кылды анын сабагына Гулбарчын Маматкасымовна, Гулбара Кучкаровна жана мен болуп сабагына катыштык. Сабакты жаш болсо да аябай сонун өтүп берди биздин тажрыйбалуу эжекелерибиз өз наасатарын айтышып ийгилик каалады.

**Маданий-массалык иштер боюнча**

- ✓ 31-август Эгемендүү Кыргызтандын 35 жылдыгына карата параддан өтүк администрация, окутуучулар жана студенттер.
- ✓ 2-сентябрь Салтанатуу линейка болду Жооптуу БКМ-1-23тайпасы жана куратору
- ✓ 5-сентярь Кыргызстан боюнча АБРдын тарабынан жасалган имараттардын онлайн ачылуу аземи болду.
- ✓ 11-сентябрь Колледждин жатаканасында жашаган студенттер менен жыйын өткөрүлдү.
- ✓ 23-сентябрь колледжде "Мамлекеттик тил" күнүн белгиледик конференцияга катышкан куратторлорго ыраазычылык.
- ✓ 3-октябрь Мугалимдер күнүнө арналган концерттик программага катышып БАС-1-22 тайпасынын кыздары Өзбек бийин тартуулашты.
- ✓ 4-октябрь колледждин 1-корпусунда окутуучуларга Мугалимдер күнүнө карата БКМ-1-22 тайпасынын студенттери жагымдуу маанай тартуулашты. Жооптуу куратору Мырзасапарова Т.А.
- ✓ 18-октябрь Кара-Кыргыз автономдуу облусуна 100 жылдыгына арналган мини футбол болуп өттү.Тайпалар жана окутуучулар активдүү катышты. Жооптуулар: Дене тарбия окутуучусу жана кураторлор.
- ✓ 21-октябрь күнү Майлуу-Суу шаардык ички иштер бөлүмүнүн коомдук коопсуздук кызматынын милиция аймактык ыйгарымдуу өкүлү милициянын лейтенанты Сүйүналы уулу Мамасалы менен студенттер таанышып тарбиялык багытта сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.
- ✓ 21-октябрь "Климат жумалыгына" багыталган тапшырмалар тайпаларга предметтик окутуучулар тарабынан берилди.
- ✓ 28-октябрь "Климат жумалыгына" арналган конференциясына ӨКБнүн адистери келип катышты. Жооптуулар Кулуева М. Мырзасапарова Т.

- ✓ Ошол эле күнү Майлуу-Суу ШИИБдин Экстремизим мыйзамсыз миграцияга каршы күрөшүү кызматынын улук ыкчам өкүлү милициянын лейтенанты Кайыпбердиев Нурканат Ильязович, Экстремизм жана терроризм жөнүндө студенттерге кенен маалымат берди.
- ✓ 4-ноябрь Кыргыз автоном облусуна 100 жылдыгына, Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө карата конференция болуп өттү.Жооптуу Энезарова С.
- ✓ 17-ноябрь Студенттердин майрамы белгиленди. Жооптуу тайпа БАС-1-23 куратору менен.
- ✓ 25-ноябрь конференция залында кураторлук саатта ВИЧ,СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата Ден-соолукту чыңдоо кабинетинин адиси Каленова Замира эжеке баяндама окуп кенен түшүнүк берди студенттерге.
- ✓ Биз үй-бүлөөлүк зордук-зомбулукка каршыбыз аттуу жөө жүрүшкө БАС-1-23.БКМ-1-23 тайпалары кураторлорунун коштоосунда барып катышты.
- ✓ 29-ноябрь Борбордук Азия колледжи маданият үйүндө уюткурган Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн **100** жылдыгына карата **"Тарых жана тагдыр"** аттуу Илимий-практикалык конференциясына студенттер менен барып катыштык.
- ✓ 2-декабрь күнү маданият үйүндө Дүйнөлүк ВИЧ-СПИД күнүнө карата болуп өткөн иш чарага студенттер менен сбак өткөн окутуучулардын коштоосунда барып катыштык.
- ✓ 14-декабрь Ч.Айтматовдун 96жашын белгилейбиз конференция өкөрүлдү **жооптуулар**
- ✓ **23-декабрь** балдар жана кыздар кеңеши өткөрүлдү анда каралган маселелер тартип бузуулар коомдук жерде өзүн алып жүрүү боюнча маселелер талкууланды.
- ✓ 27-декабрь студенттерге жаңы-жылдык концерттик программа уюштурулат. Жооптуулар БАС-1-22, Э-1-24 тайпасы кураторлору м.
- ✓ 30-декабрь саат 10:00до коллективдин жаш балдарына арналаган концерттик программа болуп өттү.Жооптуу БКМ-1-24 тайпасы куратору м.
- ✓ 30-декабрь Маданият үйүндө өткөрүлгөн шаардык жаңы-жыл кечесине БКМ-1-24 тайпасынын кыздары бий билешти.
- ✓ 31-январь шаардын имам хатыби Абсатар Эркинбекович студенттерге Ата эненин баалуулуктары бир туугандардын арасындагы карым каташ боюнча бир канча мисалдарды келтирип тарбиялуулукка чакырды.
- ✓ 5-февраль МСКнын студент балдардын чогулшунда 17 ф өтүүчү "Кана эмесе балдар" сынагына студенттерди өз каалоосу боюнча тандалып алынды.
- ✓ Курч респиратордук вирустук инфекциялар (КРВИ) грипп боюнча эпидемиология.
- ✓ <u>Советтик аскерлердин Ооган жергесинен чыгарылгандыгынын 36 жылдыгын белгилөө.</u>
- ✓ 21-февраль Бүткүл дүйнөлүк Эл аралык эне тил күнүнө карата
- ✓ кыргыз тил окутуучусу Шермамат кызы Чолпон, «Эне тилди барктайлы» деген темада дил баян жаздырды.
- ✓ 21-февраль күнү колледждин төртүнчү корпусундагы китепканада «Эне тил улут уюткусу» темасында бурчтар уюштурулуп, конференция залында студенттер арасында «Эне тилди жакынкы 10 жылда кандай элестетесиңер?» деген темада конференция уюштурулуп өтөрүлдү.
- ✓ 23-Февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата жигиттер арасында тайпалар аралык «Волейбол» оюну болуп өттү.
- ✓ 5-март Ак калпак кунун белгиледик
- ✓ <u>Кыздар арасында тайпалар аралык «Воллейбол» оюну.</u>

- ✓ 2025-жылдын 14-мартында колледждин аймагында жана өздөрүнө берилген аянттарда ишембилик жүргүзүлдү.
- ✓ Социалдык фонд башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Абдыкапаров Нурлан Жолчумаматович менен жолугушуу уштурулуп өткөрүлдү.
- ✓ 21-март нooруз майрамына КЫРГЫЗ бий жана балдар м кошо бийлешти "Оп майда"
- ✓ Аксы окуясынын 23 жыл.
- ✓ 24-март Эл аралык туберкулез (кургак учук) оорусу менен күрөшүү күнү.
- ✓ 7-апрель «Элдик революция күнү»
- ✓ 14-апрель Майлуу-Суу шаардык өзгөчө кырдалдар бөлүмүнүн өрт өчүрүү жана алдын алуу бөлүмчөсүнүн башчысы капитан Абыдманапов Бекбол жана орун басары Жумашев Тынчтык менен жолугушу болуп өттүү.
- ✓ 18-апрель «Жаңы муун – жаркын келечек, таза муун — коопсуз келечек» конференцияга колледждин студенттери активдүү катышты.
- ✓ 28-апрель КРнын Президентинин «Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик» — уңгу жолун бекитүү жөнүндө жарлыгын утурулай жана кыргыз элинин баа жеткис мурасы — «Манас» үчилтигин ар тараптан изилдөө жана популярдаштыруу боюнча "Манас" айтуу кароо-сынагы өткөрүлдү студенттер арасында.
- ✓ 29-апрель иш берүүчүлөрдүн жармеркеси болуп өттү.
- ✓ 9-Май Улуу Жениш күнүн колледждин админстрациясы жана студенттер менен шаардыкн мэриясы тарабынан уюштурулган жөө жүрүшкө катышып, студенттер келген конокторго жагымдуу маанай тартуулашты концерттик программа уюштурулуп.
- ✓ 28-май — «Кыргызстанда чек арачылардын күнү» жана 29-май «Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн күнүн» колледжде белгиледик.
- ✓ 13-июнь "Ыр, бийге турат кумарым – өзгөчө макам алганым" аталышындагы кароо-сынагын өткөрдүк.
- ✓ 20-июнь бүтүрүүчүлөр кечеси уютурулуп өткөрүлдү.

**Окуу - өндүрүштүк практикаларын өткөрүү боюнча**

Окуу процессинин графиги боюнча 2024-2025 окуу жылына бөлүнгөн бардык практикалар толук көлөмдө өткөрүлдү. "Башталгыч кластарды окутуу" адистигине педагогигалык, "Баланын мектепте биринчи күндөрүү", окуу жана мамлекеттик, "Электр менен камсыздоо" адистигине окуу, өндүрүштүк жана квалификация астындагы, "БАС" адистигине окуу, өндүрүштүк жана квалификация астындагы, "Мунай жана газ кендерин иштеп чыгуу жана эксплуатациялоо" адистигинде өндүрүштүк, окуу жана мамлекеттик, "Экономика жана бухгалтердик эсеп" адистигине окуу, өндүрүштүк, мамлекеттик практикалар өткөрүлүп, өткөрүлгөн практикалар боюнча жаңы тапшырма, программа, күндөлүк түзүлдү. Ошондой эле практика журналдары, графиктери, күндөлүктөрү жана башка иш кагаздары окуу жылдын башында түзүлүп даярдалып график боюнча өз убагында таратылып турду.

Окуу жылда
бардык практикалар үзгүлтүксүз ишканалар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде өткөрүлдү. Практиканттар менен практиканын астында, практика өтүүдө, практиканы жыйынтыктоодо чогулуштар, конференциялар өтүлүп протоколдор өз убагында тузулдү, түшүндүрүү иштери, маалымат берүү - дневник толтуруу, отче тузүү боюнча жана башка тапшырмалар өз убагында практиканттарга берилип турду. Практика башчысы тарабынан практикаларга чыгаруу үчүн тапшырмаларды, отчетордун мазмунун, күндөлүктөрүн түзүп.

студеннтер, кураторлор, окуу иштери боюнча МСКнын директорунун орун басары менен биргеликте чогулуш өткөрүлүп, протоколдор түзүлдү. Практика бүткөндөн кийин отчетор текшерилип, окуу жайда практика отчетторун кабыл алуу комиссиясы жыйынтыктоочу конференцияда кабыл алып баа коюлду, отчетторду практика жетекчилери МСКнын архивине тапшыруда.

Мекеме-ишканалар менен практикага студенттерди жөнөтүү жана практика өткөрүү боюнча 2024-2025 – окуу жылына келишимдер жаңы түзүлгөн жок. Бирок студенттер өз алдынча практикага чыккан ишканалар менен келишим түзүп келишти. Себеби азыркы күндө "МС ЛЗ" ААК 2-жылгдык мөөнөткө келишим түзүлгон. Башка мекеме-ишканалар менен келишимдер 5-жылдык мөнөткө түзүлгөн: ААК Жалал-Абад ПЭС, Соц.фонд, УТСРи М. Каскад Таш-Кумырских ГЭС, ГУ "Кадастр", УГНС, филиал ГП "МС ПТС", Горжилзеленстрой, шаардык БББ, ААК Кыргызтелеком, шаарсууканал, ЦОВП, Кыргызпочтасы, Газпром Кыргызстан, ААК "Кыргызнефтегаз", УМС, менен түзүлгөн. Ошондой эле 2024-жылдын октябрь-декабрь айларында ААК "Кыргызнефтегаз", ГУ "КАДАСТР", Жалал-Абад ПЭС ишканалары менен жаңы түзүлдү. Шаардагы бардык банктар, кичи –менчик ишканалар менен Базар-Коргон, Ноокен, Аксы, Ала-Бука райБББ келишим оoз эки түрүндө сүйлөшүлгөн, ЗАО "Компаньон" банкы менен жаңы келишим түзүлүүдө, практика өткөрүү боюнча кыйынчылык болбойт. Практика ичи өткөрүлгөн практикалар боюнча арбир мекеме, ишкана менен биргеликте иш жүргүзүлүп жатты, иш ордунда окутуу маселе каралып жана жургүзүлүүдө, ишберүүчүлөргө керектүү адистиктер боюнча өндүрүштук отурумдарына катышып жаттык. Ошондой эле арбир студент практиканы кандай өттү, тартиби кандай болду жана башка маселелер боюнча практиканын аягында иш канадан жана окуу жайдан дайындалган жетекчилер менен практика башчысы биргеликте практика өткүрүлгөн практиканттарга мүнөздөмө беришип, жыйынтыкташты. Окуу жыл ичи 12 студент ыраазычылык кат алды.

2024-2025-окуу жыл ичи практика өттүгө 656 студент жөнөтүлүп, баары практикага бөлүндү, алардан 572 студент практиканын отчетун тапшырды, 84 студент – 12 % аркыл себептер менен практикага катышпай калды, 1 студент – 0,16% үй бүлөлук шартына байланыштуу отчет тапшырганы келбей калды. Тайпалар арасында жетишкендиги – 87 %, сапаты – 84 % түздү. Практика отчетун тапшырбай калган студент боюнча администация тарабынан чара колдонууда.

Ар бир адистик боюнча практика башчысы Урустамова А.М, практика жетекчилери С.С.Осунбеков, Г.М. Усувалиева, Г.К.Хужаматова, Т.А.Мырзасапарова, Байгозу у С. Абдиев А.Т, Б.У.Оморалиева. Турдалиева А.Ч., Мырзасапарова Т.А. биргеликте азыркы талаптарга ылайык . жумуш ордунда окуттуну эске алуу менен практиканын программаларын түзүп, өзгөртүүлөрду киргизип кызыктар тараптар менен макулдашып, директорго бекиттирди.

2024-жылдын 11-ноябрында практика жетекчилерине семинар өткөрүлдү. Ошондой эле практика жетекчилерине бир нече жолу көңул бурулуп, усулдук жардам жана практика өткөрүү, текшерүү, отчет алуу, журнал толтуруу, конференция өткөрүү боюнча түшүндүрмөлөр берилди. Практика башчысы, практика жетекчилери менен биргеликте бир нече жолу райондорго жана Майлуу-Суудан сыртка кеткен практиканттарды группада вацап аркалуу, видеозвоноктор менен сүйлөшүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Шаардагы калган практиканттарды ишемби күндөрү топтоп практикантар жана практика жетекчилер менен биргеликте жолугушууларды өтркөрүштү жана ар бирин текшерип, маалымат берип турушту, дневник толтуруу, отчет жазуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду. Ошондой эле практика учурунда ар бир адистик боюнча тегерек столдор, аңгемелешүүлөр, иш берүүчүлөр менен жолугушуулар жана конок лекциялары өтүлдү.

Практика журналдары, ведомостор практика жетекчилери тарабынан убагында толтурулду, студенттердин практика боюнча оригинал отчеттору акт аркылуу архивке тапшырылып жатат.

Практика жетекчиси тарабынан бүтүрүчүлөр боюнча жумушка орношусун (1-жыл, 3-жыл, 5-жыл, 10-жыл) анализ жүргүзүлдү, проценттери чыгарылып жыйынтыгы ЖАМУга, КР билим берүү жана илим министирлигине тапшырылып жаты. Ошондой эле сайтка жана фейсбук, одноклассник, телеграмм жана башка каналдарына чыгарылды .

ЖАМудан берилген тапшырмалар боюнча бардык жумуштар графиктин негизинде жургузулуп жатат.

2-3-курстун бардык адистиктеринин студенттери иш ордунда окутуу боюнча практика кезинде экскурссияларга барышты.





**Карьера боюнча отчет**

Окуу процессинин графиги боюнча 2024-2025 окуу жылына карьера боюнча иш- план түзүлдү.

Мекеме-ишканалар менен студенттерди жумушка орноштуруу жана практикага жөнөтүү, өткөрүү боюнча 2023-2024 – окуу жылы 5-жылдык мөөнөткө 11 келишим, 2024-2025 –окуу жылы 1-келишим жаңы түзүлгөн. Азыркы күндө "МС ЛЗ" ААК, ААК Жалал-Абад ПЭС, Соц.фонд, УТСР и М, ГУ "Кадастр", УГНС, филиал ГП "МС ПТС", Горжилзеленстрой, шаардык БББ, ААК Кыргызтелеком, шаарсууканал, ЦОВП, Кыргызпочтасы, ААК "Кыргызнефтегаз", УМС, БАК менен түзүлгөн. Практика ичи практиканттар боюнча жана студенттерди жумушка орноштуруу, бош орундар жапмекеси боюнча арбир мекеме, ишкана менен биргеликте иш жүргүзүлүп жатты, иш ордунда окутуу маселе каралып жана жургүзүлүүдө, иштберүүчүлөргө керектүү адистиктер боюнча өндүрүштук отурумдарына катышып, докладтар даярдалып

окулуп жатты. Окуу жыл ичи практикага барып өздорүнун билимин негизинде 3- студент жумушка орношту,

Бюджетте окуган студенттерди жумушка болуштүрүү боюнча
2025-жылдын апрель-май аларында жыйындар откөрүлүп протоколдор түзулдү. Ошондой эле педагогика багытындагы бүтүүручүлөрдүн ата-энелери менен жолугушуулар откөрүлүп, түшундурүү иштери жургүзүлдү, иш кагаздар толтурулду жана түшүндурүү иштери жүргүзүлуп турду. Ошондой эле ар бир адистик боюнча тегерек столдор, аңгемелешүүлөр, иш берүүчүлөр менен жолугушуулар жана конок лекциялары өтүлдү. 2025-жылдын 29-апрелинде студентт-бүтүрүүчүлөр менен иш берүүчүлөрдун жолугуусу жана бош орундар , адистиктердин жарманкеси өттүп протоколдор түзүлдү жана МСКнын сайтына, Фейсбука, телеграмга, одноклассникe салынды.

Практика жетекчиси тарабынан бүтүрүчүлөр боюнча жумушка орношусун (1-жыл, 3-жыл, 5-жыл, 10-жыл) анализ жүргүзүлдү, проценттери чыгарылып жыйынтыгы ЖАМУга, КР билим берүү жана илим министирлигине тапшырылды. Ошондой эле сайтка жана фейсбук, одноклассник, телеграмм жана башка каналдарына чыгарылды . Бюджеттин негизинде БКМ адистигин бүткөн бүтүрүүчүлөр боюнча жумушка орношуу иштери сентябрь-октябрь-ноябрь айларда өткорүлдү (3-жыл, 5-жыл, 10-жыл) жана бүтүрүүчүлөр боюнча уланууда

Жаныча окутуу боюнча "иш ордунда окутуу" программасы Электр менен камсыздоо адистигине түзүлүп, аткалылууда жана башка адистиктерге жайылтуудабыз. МСКнын бардык адистиктеи боюнча практика программалаы иш-ордунда окутуу программасынын негизинде түзүлуп, өткөрүлүүдө.

Окуу жыл ичи 12-студент практикадан "похвальный лист-грамота" алды.

Ишканалар менен таанышуу, ондурүштун технологияларын үрөнүү боюнча конок лекциялар, жолугушуулар, экскурсиялар жана иш чаралар 2-3 курстун студенттеринин арасында өткөрүлуп жатат.

ЖАМудан берилген тапшырмалар боюнча бардык жумуштар графиктин негизинде жургузулуп жатат.

2-3-курстун бардык адистиктеринин студенттери иш ордунда окутуу боюнча сабактаркезинде экскурссияларга барышты.

## Административдик-каржылык чарба иштери боюнча

2023-2024-окуу жылына административдик-каржылык чарба иштери бекитилген иш-плананын негизинде аткарылды. Негизги жумуш окуу корпустарын жана жатакананы жаңы окуу жылына даярдоо боюнча бардык жумуштар аткарылып жатат. Күнүмдүк чарба иштери өз убагында аткарылып жатты.

Телефон байланыш жана интернет менен камсыздоо кызматын "Кыргызтелеком" ААКнун ишканасы, катуу таштандыларды чыгаруу боюнча "Шаарды жашылдандыруу жана куруу" ишканасы, электр энергиясы менен камсыздоо боюнча РЭТ ишканасы, муздак сууну камсыздоо жана канализация жумуштары боюнча "Шаардык суу чарба" ишканасы жана шаардык жылуулук берүү ишканалыры менен келишимдер түзүлгөн.

Колледжге керектүү окуу-канцелярдык буюмдар, чарбалык иштерге колдонуучу шаймандар, жууп-тазалоочу куралдар, окуу кабинеттерге жана коридорлорго косметикалык оңдоо-түзөө жасоо иштерине билдирменин негизинде мамлекеттик сатып алуу порталына коюлуп, бардык аталган буюмдар камсыз болду:

№1 имарат

1. Башкы окуу корпусунун кабинеттеринде жана фойесинде эмеректерди жаңылоо.

2. Көмүр кычкыл газы бар 4 өрт өчүргүчтү толтуруу иштери жүргүзүлдү;
3. Өрт өчүрүүчү 8 чака даярдалган;
4. 6 таштанды челек даярдалып орнотулду;
5. Электр панелдериндеги электр байланыштары алмаштырылды
6. Дарактарды санитардык бутоо иштери жүргүзүлдү.
7. Газ менен жылытуу үчүн материалдарды сатып алуу үчүн дефекттердин баракчасы жана арызы түзүлдү
8. 2024-2025-окуу жылына тиричилик техникасы жана кеңсе буюмдары алынды
№2 имарат
1. Эки пластикалык эшиктер даярдалып орнотулду.
2. Жашылдандыруу үчүн студенттик күнөскана даярдалды.
3. Дарактарды санитардык бутоо иштери жүргүзүлдү.
№3 имарат
1. Жатакананын электр панелдери талапка келтирилди (электр туташтыргычтары алмаштырылды);
2. 50 литрлик суу жылыткыч жана жарым автоматтык кир жуугуч машина алынды.
№4 имарат
1. Окуу имаратынын периметри боюнча видеокамералар сатылып алынып орнотулду.
2. Өрткө каршы калкан жасалды жана жабдылды
3. Окуу имаратынын айланасына узундугу 80 метр болгон тосмо даярдалып орнотулду.
Ошондой эле бардык окуу корпустарынын абалын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү.

2025-жылдын 1-июлуна колледжге кызмат көрсөткөн мекеме-ишканалардан жана башка уюмдардан каржылык карызыбыз жок.

Директор С.С.Осунбеков